**Шейх Жасим Мухаммад Мутавванын**

**«Ыйман тууралуу маектер» деген китебинен алынды.**

# *Дүнүйө менен болгон маек*



Дүнүйөдөн качып бир орундан экинчи орунга көчтүм. Андан алыстагым келди , бирок күчүм жетпеди. Кызматымды , турак жайымды , чөйрөмдү да өзгөрттүм. Жада калса жашаган шаарымды да , өзгөрттүм. Кыскасы, жашоомдогу бардык нерсени өзгөрттүм. Бирок тилекке каршы , ал дүнүйө жүрөгүмдөн чыкпаган бир азгырык болду. Көрсө бул дүнүйө деген нерсенин сыпаты убакыт менен да, орундун алмашуусу менен да өзгөрбөйт турбайбы.

Мен дүнүйөнү  көзүмө көрүнө турган бир кейипте келүүсүн үмүт кылаар элем. Анткени ал көзүмө көрүнсө, аны менен ачык таймашып , өлтүрүүнү самачу элем. Ошенткенде гана мен андан кутулуп, жүрөгүмдөн биротоло чыгарып салмакмын.

Ошентип бир күнү жалгыз отурсам,  бир маалда алдыма баягы дүнүйө бир кейипте келди!

Анан ал, мага кайрылып   мындай деди:

**Дүнүйө**: Мынакей мен , эй Абдулла! Алдыңда турам. Сен эмнени каалайсың?

**Мен:** (өкүнгөндөй): Мени сага болгон сүйүү жана кызыгуу капалантып жатат. Менин сени таштоого күчүм эч жетпей жатат.

**Дүнүйө:** Бул сезим, табийгый болгон бир сезим. Андыктан кайсы бир адам : мен дүнүйөнү сүйбөйм!- десе , ал калп айтат. Анткени мен дагы Аллах Тааланын жараткан макулугумун жана адамдардын напсилерине жагымдуумун.

**Абдулла**:Сен кантип муну табийгый сезим деп жатасың?

**Дүнүйө**: Ооба, бул табийгый сезим.  Бирок мындагы  көптөгөн адамдардын чоң катачылыгы , алардын дүнүйө ишин акырет ишинен илгери койгондугунда.

**Абдулла:** Мен дагы ошол адамдардын катарына кireминби?

**Дүнүйө** : Ооба, бирок сенде жакшы сапаттар бар.

**Абдулла:** Сен тууралуу чындыкты кантип биле алам?

**Дүнүйө:** Мухаммад пайгамбардын ушул сөзүнөн биле аласың. «Дүнүйө- бул жашыл, таттуу нерсе» Чындыгында пайгамбар , мени жашыл таттуу нерсе , -деп сыпаттаган. Бирок момун киши үчүн бул дүйнө абаккана сыяктуу. Пайгамбар алейхис салаам айткандай : «Бул дүнүйө момунга абаккана , ал эми капырга бейиш»

**Абдулла:** Бирок мен кээ бир мусулмандарды билем. Алар жыргалчылыкта , ырахатта жашап жатышпайбы?!

**Дүнүйө:** Мында абаккана дегендин мааниси, сен түшүнгөн темирден болгон абаккана эмес. Бирок ал- Аллах Таала буюрган нерсеге чектелүү. Демек абаккана дегендин мааниси, бардык иштин чегин билип, кармануу болуп эсептелет. Ошондуктан Мухаммад бин Саммак (Ага Аллахтын ырайымы болсун) минтип айткан экен : «Эй Адам баласы, сен өзүң пайда болгон күнүңдөн бери камактасың. Сен атаңдын омурткасында камакта элең, андан соң энеңдин курсагында камакта болдуң. Андан соң бешиктин боосуна байландың, андан соң ишканаңда камалып отурасың. Андан соң үй бүлөңө кам көрүп , мээнетиңе байланасың. Эми өлгөндөн кийин да камалып калбооң үчүн, өзүң үчүн чыныгы ырахатты изде.»

**Абдулла:** Оо Аллах ! Кандай сонун маанилүү сөз.! Эми түшүндүм. Бирок айтчы, эмне себептүү дүнүйө деп аталып калдың?

**Дүнүйө** : Эгер адамдар менин ысымымдын маанисин билишсе, алар менин сулуулугума азгырылышмак эмес эле. Менин ысымымдын эки мааниси бар:

1. Биринчиси, «дунув» (араб.) деген сөздөн келип чыгат. Мааниси: жок болууга , аяктоого жакын болгон нерсе.
2. Экинчиси, «данааъах» (араб.) деген сөздөн келип чыгат. Мааниси: пас, төмөн, акыретке салыштырмалуу көрксүз.

**Абдулла:** Анда сага азгырылбоом үчүн , сени менен кандай мамиледе болушум керек?

**Дүнүйө**: Бул өтө олуттуу суроо. Бул суроoң менен сен мени, сырларымдын бирин ачууга түртүп жатасың. Анткени мен, кээде адамдарды мал -мүлк менен, кээде аялдар менен , ал эми кээде болсо, мансап менен кармайм. Ушунун бардыгы менин сулуулугум. Ал эми сулуулук деген нерсе табиятынан убактылуу нерсе. А сен сулуугу жеткен кыз же жигиттин түбөлүк бир калыпта калганын көрдүң беле?!

**Абдулла** (ачууланган абалда) : Эй дүнүйө ! Сен сөздөн алыстабай , суроомо жооп бер! Сага кантип азгырылбай мамиле кылсам болот?

**Дүнүйө :** Акырын, эй курбум! Мени шаштырба!

Андан соң дүнүйө мындай деди: Мени менен мамиле кылуучу кишиге зарыл болгон сапаттардын эң негизгиси: «Сактык жана зээндүүлүк».

Анткени мен ырахаттын , кумардануунун жайымын. Андыктан ким мени акыретке көпүрө кылган болсо , ийгиликке жетет. Ал эми ким мени турак жай кылып биротоло жайгашкысы келсе, ал зыянга учурайт. Демек мен , акыретке жетүү үчүн көпүрө сыяктуу жаймын, түбөлүк калчу жай эмесмин.

Хасан аль Басрий минтип айткан экен: «Силер бул дүнүйөнүн алаксыта турган нерсесинен этият болгула! Анткени бул дүнүйөнүн алаксыта турган нерсеси абдан көп. Кайсы бир киши өзүнө алардын бир эшигин ачса, ага анын артынан андай эшиктердин ону ачылат.»

**Абдулла:** Андай болсо, кутулуу үчүн сенден биротоло ажыраймын.

**Дүнүйө:** Менин айтайын дегеним ал эмес. Бирок мени менен мамиле кылганыңда өтө этият бол демекчимин. Ар качан сага дүнүйөнүн бир эшиги ачылса, сен дагы , акыретке бир эшикти ачып кой. Бул дүнүйөдөгү насибиңди унутпа да , Аллах Таала буюргандай орточо , тең салмактуу абалда жаша.

**Абдулла**: Бирок мен коркуп жатам.

**Дүнүйө** : Коркпо! Болгону, менин сулуулугум менен кандай мамиле кылууну жакшылап түшүнүп ал. Анан Масъуддун уулу(Аллах андан ыраазы болсун) айткандай боло көрбө!

**Абдулла** : Масъуддун уулу(Аллах андан ыраазы болсун) эмне деп айтты эле?

**Дүнүйө**: Ал минтип айткан: «Силерден бириңер түндөсү өлүк сымал , күндүзү коңуз сымал болбосун! »

**Абдулла:** Күндүзгү коңуз деген эмне?

**Дүнүйө:** Ал деген күндүзү тынчыбай, бир саат мында , бир саат тигинде учкан кичинекей жаныбар. Мына кээ бир адамдар да ушундай. Дүнүйө иши үчүн күнү түнү тынбайт. Ал эми акырет иши тууралуу ойлонуп да койбойт.

Адам баласы бир бечара . Эгер ал тозок отунан кедейликтен корккондой корксо, бейишке кирмек.

**Абдулла:** Эми мага эмнени насаат кылаар элең?

**Дүнүйө:** Сага Аллах Тааланын ушул сөзүн дайыма эстеп жүрүшүңдү насаат кылаар элем: «Аларга бул дүйнө тиричилигинен бир мисал келтир: Бул дүйнө тиричилиги-Биз асмандан жаадырган жамгыр сыяктуу. (Жамгыр жааса) жердин өсүмдүктөрү бири бирине оролушуп, кулпуруп, анан кургаган үйүндүгө айланып, андан соң шамал учуруп кеткен өңдүү...(эле бир көрүнүш) Чындыгында , Аллах – бардык нерсеге кудуреттүү.» (Кахф:45)

Эгер сен менден бүгүн бир ирет сактансаң , эртеси күнү миң ирет сактан.!

**Абдулла** : Эми экөөбүз бири бирибиз менен ачык сүйлөшүп алгандан кийин, сен мени азгырбайттырсың?

**Дүнүйө:** Каргадан: Эмне үчүн сен ар дайым самынды уурдай бересиң?-деп сурашыптыр. Анда ал: Зыян кылуу менин табиятым,- деп жооп бериптир.

Мен да сага: азгыруу менин табиятым, - деп айтаар элем. Андыктан дүнүйөгө ашык болуудан сактан! Түндөсү өлүк сымал , күндүзү коңуз сымал болуудан сактан.!

Ушул сөздөрдү айтаары менен дүннүйө заматта көздөн кайып болуп кетти.

Ошондо Абдулла : Эй дүнүйө, эй дүнүйө !- деп кыйкырып кала берди. Бирок ага эч ким жооп кайтарган жок. Андан соң Абдулла башын төмөн ийип: Мага дүнүйөнүн акыйкатын түшүнүүгө жардам берген Аллага мактоо болсун! –деп , артынан ушул ыр сабын айтты:

***Билип турсам, шек күмөнсүз ачык айкын,***

***Бул жашоо, экендигин бир гана саат,***

***Анда эмнеге, сарамжал болбоюн мен,***

***Ал жашоону кылып баарын, таат ибадат.***

**Которгон: Касым Сыдыков**